**УДК 338.43**

***Сартбаева Г.П.***
*ст. препод. Междун. универ. им К.Ш. Токтомаматова, Кыргызская Республика*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЙЫТТАРЫНДА ОРУН АЛГАН КӨЙГӨЙЛӨР ЖАНА АЛАРДЫ ЧЕЧҮҮНҮН ЖОЛДОРУ

*Макалада изилдөөнүн предмети болуп Кыргыз Республикасындагы жайыттарынын абалы саналат. Изилдөөнүн максаты – жайыттардын учурдагы абалына баа берүү, анда орун алган көйгөйлөрдү аныктоо жана аларды чечүүнүн жолдорун сунуштоо. Макалада даярдоодо изилдөөнүн талдоо жана илимий жалпылоо, салыштыруу жана баалоо ыкмалары колдонулду. Эң негизги көйгөйлөрдүн катарында жайыттардын деградацияга кабылуусунун күчөп бара жаткандыгы, алыскы жайыттардын жол, көпүрө сыяктуу керектүү инфратүзүмдүн жок болгондугунун айынан колдонулбай калып, зыяндуу жана жараксыз бадалдар басып бара жаткандыгы көрсөтүлгөн. Жайыттардын деградациялануу даражасы жөнүндөгү маалыматтар келтирилип, бул жагдайга баа берилди. Изилдөөнүн жыйынтыгында жайыттарды башкаруу ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган, практикалык колдонулууга ээ болуучу илимий натыйжалар иштелип чыгылды. Алар жайыттарда орун алган көйгөйлөрдү бүгүнкү күндүн шарттарына жараша чечүүгө арналгандыгы менен айырмаланып, жергиликтүү бийликтердин, жайыт комитеттеринин ишмердүүлүгүндө кеңири пайдаланылуусу мүмкүн.*

***Негизги сөздөр:*** *айыл чарбасы; жайыт; деградация; тоют өндүрүү; ветеринария; асыл тукумдаштыруу; инфратүзүм; инвестиция; кыртыштын эрозиясы.*

## ПРОБЛЕМЫ ПАСТБИЩ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И ПУТИ ИХ РЕШЕНИЯ

*Предмет исследования – современное состояние пастбищ Кыргызской Республики. Целью исследования является оценка состояния пастбищ Кыргызской Республики, выявление существующих проблем и выработка путей их решения. При подготовке статьи применены методы анализа и научного обобщения, сравнения и оценки. Среди основных проблем отмечены возрастающая деградация пастбищ, отсутствие необходимой инфраструктуры, такой как дороги и мосты на отдаленных пастбищах, а также наличие вредных и непригодных для использования кустарников. Были приведены и оценены данные о степени деградации пастбищ. В ходе исследования были разработаны и предложены научные результаты, направленные на повышение эффективности управления пастбищами, имеющие важное практическое значение в данной деятельности. Они отличаются своей научной новизной тем,*
*что направлены на решения проблем пастбищ в соответствии с реалиями сегодняшнего дня и могут быть применены в деятельности органов местного самоуправления, пастбищных комитетов.*

***Ключевые слова:*** *сельское хозяйство; пастбища; деградация; кормозаготовка; ветеринария; разведение; инфраструктура; инвестиция; эрозия почвы.*

## PROBLEMS OF PASTURES IN THE KYRGYZ REPUBLIC AND WAYS TO SOLVE THEM

*The subject of research in the article is the current state of pastures in the Kyrgyz Republic. The purpose of the study is to assess the state of pastures in the Kyrgyz Republic, identify existing problems and develop ways to solve them. When preparing the article, the methods of analysis and scientific generalization, comparison and evaluation were applied. Among the main problems noted were the increasing degradation of pastures, the lack of necessary infrastructure such as roads and bridges in remote pastures, and the presence of harmful and unusable shrubs. Data on the degree of pasture degradation were presented and assessed. In the course of the study, scientific results were developed and*

*proposed, aimed at increasing the efficiency of pasture management, which are of great practical importance in this activity. They are distinguished by their scientific novelty in that they are aimed at solving the problems of pastures in accordance with the realities of today and can be applied in the activities of local self-government bodies, pasture committees.*

***Key words:*** *agriculture; pastures; degradation; forage procurement; veterinary medicine; improvement of animal breeds; infrastructure; investment; soil erosion.*

**Киришүү.** Макалабызды даярдоонун алдынан койгон максатыбыз Кыргызстандагы жайыттардын республиканын калкынын жашоо-тиричилигиндеги ордун жана ролун жалпылоо менен анын учурдагы абалына баа берип, орун алган жагдайды жакшыртуу жолдорун сунуштоо болду.

Кыргыз эли байыртадан бери мал чарбачылыгы менен алектенип келген. Совет мезгилинде мал чарбасы Кыргызстандагы негизги тармак болгон. Үрөн өстүрүү, тоют өндүрүү, ветеринария, илим изилдөө институттары жана лабораториялар мал чарбачылыгын колдоого багытталган.

**Негизги бөлүгү.** Союз мезгилинде союздук бюджеттин колдоосу менен Кыргызстандын мал чарбасы олуттуу каржылык, илимий-техникалык жана адамдык ресурстарды алып турган. Каражат илимий изилдөөлөргө, малдын тукумун жакшыртуу максатындагы малды асыл тукумдаштыруу иш-чараларына жана өлкөнүн айыл чарба жерлеринин 78 пайызын түзгөн тогуз миллион гектардан ашык жайыттарды жакшы абалда кармоо үчүн жумшалган [1, 1-б.].

Совет доорунда жайыттар такай изилденип, деградация болгон жерлерди калыбына келтирүү үчүн керектүү чаралар көрүлүп турган. Мал чарбачылыгы үчүн керек болгон жолдор, көпүрөлөр жана суу булактары сыяктуу бардык инфратүзүм түзүлүп, натыйжалуу тейленген.

Андан кийин бири ырааттуу, экинчиси тез орун алган эки жагдай баарын өзгөрттү.

Модернизациялоонун жана айылдардагы калк ыңгайлуу отурукташкан жашоо образына өткөндүгүнүн айынан кыргыздар акырындап көчмөн жашоону сүрбөй калышты, бирок малды ары-бери көчүрүү жүрүп турду. Кырдаал 1990-жылы Советтер Союзунун кулашы менен дагы радикалдуураак өзгөрдү. Эгемендүүлүктү алгандан берки жылдарда Кыргызстан айыл чарба тармагында олуттуу реформаларды жүргүздү. Бардык колхоздор менен совхоздордун мүлктөрү – жер, мал, шаймандар жана техникалар дыйкандарга бөлүштүрүлүп берилди.

Бирок айыл чарба секторуна салынган мамлекеттик, жеке жана чет өлкөлүк инвестициялардын бүткү көлөмү совет мезгилиндеги инвестициялардын бир бөлүгүнө деле жетпеди. Дээрлик колдонулбай жана жумушчу абалда кармалбай калган жолдор, көпүрөлөр, суунун жасалма булактары талкаланып жок болду, мунун натыйжасында алыскы жайыттарга жетүүнү татаалдатты. Конуштарга жакын жайыттар мал өтө көп жайылгандыгынын айынан деградацияга учурай баштады [1, 2-б].

Жайыттар – Кыргыз Республикасынын эң маанилүү жаратылыш байлыктарынын бири. Жайыттарды пайдалануу мезгил аралыгында учурдагы саясий тартиптин жана коомдук системалардын чагылдырылышы болуп келген. Советтер Союзунун жоюлушунун натыйжасында коомдук, саясий жана экономикалык тутумдун түп тамырынан бери өзгөрүсү коомдогу кескин жана татаал өзгөрүүлөргө алып келди. Коомдун бардык деңгээлдерине таасир этүү менен, бул өзгөрүүлөр адамдардын күнүмдүк дүйнөсү менен

байланышкан коопсуздуктун жана баалуулуктардын орун алган салттуу шарттарын жоготуп, аларды башкача негизде карап чыгуу жана калыбына келтирүү зарылчылыгын жаратты.

Кыргыз Республикасынын 2009-жылы кабыл алынган “Жайыттар жөнүндөгү” Мыйзамында өлкөдөгү бардык жайыттар улуттук менчик болуп саналат жана эч качан жеке менчикке берилбейт деп көрсөтүлгөн. Жайыттарды башкаруу боюнча бардык укуктар жана ыйгарым укуктар мыйзамдуу түрдө Жайыт пайдалануучулар бирикмесине жана жергиликтүү жайыт комитеттерине – курамына фермерлердин өздөрү да киришкен коомдук уюмдарга жүктөлгөн. Донордук уюмдардын колдоосу менен жайыт комитеттеринин мүчөлөрү негизги тренингдерден өтүштү, бирок жайыттарды туруктуу башкаруу жаатында билимдин жана тажрыйбанын жетишсиздиги көйгөйү курч бойдон калууда.

Кыргызстандагы жайыттардын жалпы аянты 9 миллион 147 миң гектарды түзөт. Алар жалпы айыл чарба багытындагы жер аянтынын 85% нан ашуун бөлүгүн ээлейт. Учурда калктуу конуштарга жакын жайгашкан жайыттар эң начар абалда – алар толугу менен деградацияга учураган, анткени бүгүнкү күндө мал негизинен айылдардын айланасында жайылып жүрөт. Алыскы жайыттардын кеңири аймактары таштанды болуп каралбай, зыяндуу чөптөр басып кеткен.

Кыргызстандагы жайыттардын абалына төмөнкү маалыматтар боюнча баа берели (1-3-таблицалар).

Таблица 1 – Кыргыз Республикасынын жайыттарынын аянттары, га

| № | Областтар | Жайыттардын жалпы аянты | Жазгы-күзгү | Жайкы | Кышкы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Баткен | 590 430 | 251 997 | 127 576 | 210 857 |
| 2 | Жала-Абад | 1 638 220 | 1 012 330 | 418 957 | 206 933 |
| 3 | Нарын | 2 591 286 | 707 355 | 1 157 368 | 761 563 |
| 4 | Ош | 1 397 651 | 55 581 | 975 536 | 366 534 |
| 5 | Талас | 366 534 | 373 009 | 106 603 | 176 598 |
| 6 | Ысык-Көл | 1 413 301 | 248 258 | 839 942 | 325 101 |
| 7 | Чүй | 762 783 | 268 309 | 315 489 | 178 985 |
|  | **Республика боюча** | 9 030 890 | 2 916 839 | 3 941 471 | 2 168 690 |

*Булагы: автор тарабынан Жайыттар, мал чарбасы жана балык чарбасы департаментинин маалыматтары боюнча даярдалды*

Таблица 2 – Кыргыз Республикасынын жайыттарынын деградацияланУУ деңгээли

| **Жайыттардын түрлөрү** | **Аянты (миң га)** | **Жалпы аянттан % менен** | **Деградациянын аянты (миң га)** | **Деградация даражасы (% менен)** |
|---|---|---|---|---|
| Алыскы жайыттар (жайлоолор) | 3951,0 | 43 | 1432,0 | 36 |
| Интенсивдүү жайыттар (күзгү-жазгы) | 2756,0 | 30 | 1378,0 | 50 |
| Айыл чекебелиндеги жайыттар (кыштоолор) | 2440,0 | 27 | 1718,0 | 70 |
| **Жалпы аянты** | **9147,0** | **100** | **4528,0** | **49** |

Таблица 3 – Кыргыз Республикасынын областтары боюнча жайыттарынын деградациясы, миң га

| | **Баары** | **Ыссык-Көл** | **Нарын** | **Чүй** | **Талас** | **Жалал-Абад** | **Ош** | **Баткен** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Деградацияга кабылганы | 1808 | 179 | 576 | 346 | 85 | 279 | 241 | 102 | 147 миң гектарга көбөйдү |
| Түрдүү даражада эродацияланганы | 689 | 81 | 186 | 63 | 3 | 166 | 140 | 50 | 273 миң гектарга көбөйдү |
| Тик кырлуу (40% дан ашуун), колдонуудан чыгарылуусу керек | 372 | 27 | 101 | 25 | 20 | 111 | 49 | 39 | Өзгөргөн эмес |
| Бадалданып кеткени | 1814 | 417 | 425 | 58 | 75 | 541 | 278 | 20 | 162 миң гектарга көбөйдү |
| Тоюттук эмес чөптөр басып кеткени (колдонулбай турганы, зыяндуу, катуу, уулуу) | 1386 | 145 | 493 | 47 | 101 | 289 | 243 | 68 | 303 миң гектарга көбөйдү |
| Бадал баскан 1814 миң гектар жерден 328 миң га караган басканы | | | | 868 | 587 | 1625 | 1396 | 482 | |

*Булагы: Кыргызгипрозем, Л.Пенкинанын докладынан, 2017-ж.*

Таблицанын маалыматтарынан жалпысы 887 миң гектар жер аянтын камтыган терс өзгөрүүлөрдү көрүүгө болот.

Аталган экосистемалардын абалы жергиликтүү деңгээлдеги экономикалык жыргалчылык жана жер-жерлердеги жерди пайдалануунун стратегиялары менен түздөн-түз байланышкан. Мурунку Советтер Союзунун кулашы жана анын натыйжасында базар экономикасынын принциптеринин күндөлүк турмушка кириши жаратылыш ресурстарын туруктуу пайдаланууну камтыбаган жаңы институттук алкакты түздү. Менчиктештирүүлөрдүн өтө чоң көлөмдөрү, кирешелердин кескин төмөндөөсү жана мунун айынан пайда болгон жакырчылык жашап кетүү үчүн бир аз тандоолорду калтырды. Мал чарбасы кеңири жайылып, мунун жыйынтыгында жерге болгон кысымдын күчөшүнүн натыйжасында эгемендүүлүктөн кийинки алгачкы жыйырма жылдыкта жайыттардын деградациясынын чоң деңгээли жаралды [3, 32-б.].

Кыртыштын эрозиясы Кыргызстандын учурдагы айыл чарбасы үчүн өзгөчө олуттуу коркунуч. Республиканын бардык дыйканчылык аймактары буга чейин эрозияга дуушар болгон 6,43 млн га жер менен кошо потенциалдуу түрдө эрозияга дуушар деп эсептелинет, анын ичинде айдоо аянты 0,77 млн га жана жайыт 4,55 млн га. Мындан сырткары 5 млн га, б.а. айыл чарба жерлеринин жалпы аянтынын 45,7% ы шамал жана суу эрозиясына кабылган [4].

Мындан сырткары, азыркы учурда, жазында жана күзүндө малдарды адамдар өздөрүнүн конуштарына жакын жайышат, бул чоң кысымды жаратат, анткени малдын бир эле жерде туруктуу жайылышы топурактын тыгыздалуусуна жана топурактын профилине суунун киришинин төмөндөөсүнө алып келет, бул жайыт жерлеринин андан ары бузулушуна алып келет жана туура башкаруусуз өсүмдүктөрдүн катмарын кыскартып, топуракты жылаңачтайт жана эрозия жараяндарын тездетет. Бирок, мал чарбасы калктын, айрыкча айыл жериндегилердин көпчүлүк бөлүгү үчүн кирешенин негизги түрлөрүнүн бири. Адамдардын колундагы мал эт, сүт, тери сыяктуу продукцияларды сатуу аркылуу киреше табуу үчүн колдонулат. Мындан сырткары алар камдоо жана байлыкты топтоо каражаты катары каралат. Бул маселелерди чечүү жерди утурумдук колдонуудагы чыгымдарды жана жер ресурстарын пайдалануунун альтернативдүү жана туруктуу сценарийлерин киргизүүдөгү потенциалдуу артыкчылыктарды кайрадан карап чыгууну талап кылат.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, жайыттарда учурда орун алган абалдан чыгуу үчүн төмөнкүдөй иш-чараларды колдоп, сунушталат:

*Туруктуу аныкталган жана так сакталган потенциалдар менен жайыттарды туруктуу башкаруунун практикасын киргизүү.* Мунун ичине жайыттарды которуштуруп айдоо, себүү жана кайра иштетүү, өсүмдүктөрдү изилдөө, тоют жана топурактын шарттарын талдоо боюнча чаралар кирүүсү керек. Жайыттардын чектери жана учурдагы абалы жөнүндө жергиликтүү калк маалымдалган болуусу керек.

*Жердин жана жер бетиндеги экосистеманын пайдалуулугунун артыкчылыктарынын бирдиктүү жана толук перспективаларын экономикалык жактан түшүнүү.*

*Фермерлердин экономикалык пайдасын сактоо менен жайыттарга кысымды азайтуу үчүн малдын продуктуулугун жогорулатуу. Мал чарбасына болгон көз карандылыкты азайтуу үчүн кирешелерди диверсификациялоо.*

**Жыйынтык**

Жайыттар боюнча билим жана тажрыйба алмашуу үчүн бирдиктүү жана жеткиликтүү жалпы аянтчаны түзүү. Кыргыз Республикасынын аймагындагы жерди пайдалануу жана жайыттарды сарамжалдуу пайдалануу маселелери боюнча билим базасын өнүктүрүүдө зарыл болгон деңгээлге жана биримдикке жетүү үчүн тармактарды түзүү зарыл. Бүгүнкү күндө донорлор тарабынан каржыланган ар кандай көптөгөн долбоорлор өлкө боюнча жерди жана жайыт жерлерин туруктуу пайдаланууну камсыз кылуу иш-аракеттеринин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн бир аянтчага бириктирилүүсү керек. Бул ыктоо донорлор жана башка кызыкдар тараптар үчүн координация жана байланыш борборунун милдетин да аткара алат.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Пастбища. Сокровище Кыргызстана. Режим доступа: http://www.fao.org/europe/news/detail-news/ru/c/308276/
2. Кыргызгипрозем агенттигинин маалымат булактары. -2017-2018.
3. **Liechti, К.** Значения пастбищ в прениях о деградации ресурсов: доказательства из Пост-Советстких окраин сельской местности Кыргызстана [Текст] / К. Liechti // Исследования и развитие Горных районов (MRD).- 2012.- 32с.
4. Земельный Кадастр Кыргызской Республики. Использование земель в Кыргызской Республике. Кыргызская Республика.- Бишкек: Кыргызстан, 2015.
5. **Эргешов, К.А.** Особенности аграрной реформы Кыргызской Республики в условиях рыночных отношений [Текст] / К.А. Эргешов, К.М. Маатов // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2017. – №1. – С. 23–26.
6. **Эргешов, К.А.** Повышение эффективности сельскохозяйственного производства за счет улучшения использования основных фондов [Текст] / К.А.Эргешов, Г.А. Маметова // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2017. – №1. – С.26 –30.
7. **Кадыров, А.А.**Тенденции развития органического сельского хозяйства [Текст] / [А.А. Кадыров, А.О. Кожошев, А.М. Абарбекова] // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2019. – №3. – С. 35–39.


*Поступила в редакцию 05.06.2021г.*